УДК: 9(с)

Р.Л.Каримова

*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*

# Ж. АБДРАХМАНОВ. КЫРГЫЗДАРДЫН 1916-ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШҮ

*Жазылган макалада Жусуп Абдрахмановдун 1916-жылдагы кыргыздардын көтөрүлүшүнө карата берген баасы чагылдырылып, Үркүндү ар тараптан изилдөө менен анын тарыхый сабактарын дааналап түшүнүү, өздөштөрүү кандай жагынан алып караганда да зарыл милдет, жооптуу иш экендиги баяндалды..*

1916-жылдагы көтөрүлүшкө катышкандардын жана күбөлөрдүн эскерүүлөрүн кеңири колдонуу менен, мурда пайдаланылбаган архивдик жана башка булактардын негизинде элдик-боштондук кыймылдын түпкү себептерин, көтөрүлүштүн жүрүшүн, мүнөзүн, кыймылдаткыч күчүн, басылышын чагылдырган эмгектер жарыяланып отурат. Быйылкы 2006-жылдын август айы үркүндүн 90 жылдыгы болуп белгиленди. “Үркүн” – бул кыргыз элинин карт тарыхында көптөгөн окуяларды башынан өткөргөн элдин тагдырына туш келген өзгөчө көңүл бөлүнө турган тарых барактарынын бири катары саналат.

Падышалык Россия ХХ кылымдын башында коомдук өнүгүүнүн жогорку тепкичинде тургандыгына карабастан, кыргыз элине, жергесине анчалык деле жаңылык, жылыш алып келген жок. Мунун негизги себептери: падышачылыктын жаңы ээленген жактарга колониалдык мүнөздөгү саясатты жүргүзүү менен гана чектелгендигинде болуп, Россиянын ичкерки жагындагы ар кандай саясий, экономикалык кризисти жоюунун оңой ыкмасы катары калкты орун которуштуруу же бийликке ыңгайсыз ар кандай элементтерди, башка көзкараштагыларды сүргүнгө айдоо жолу эсептелген.

Россиядан көчүрүлүп келгендер жергиликтүү элдин эң сонун түшүм берчү жерлерин, мал жайыттарын ээлеп жана келгин катары түркүн жеңилдиктерден пайдалана башташкан. Маселен, Түркстанды орусташтыруу – колониялык-улутчул саясаттын негизи катары ХХ кылымдын башында мурдагыдан да күч алган. Буга 1911-жылдын 31-октябрындагы чөлкөмдүн генерал-губернаторунун областтык аскер губернаторлорго: “Жергиликтүү эл бизди келечектеги орус дыйкандарынын ишин жасай турган материал катары кызыктырат, ошондуктан аларга бүт орустарды сыйлоону канына сиңдирүү керек, эгерде кимде-ким баш ийгиси келбесе жеринен ажырап, жакырчылыктан өлөт же Россия алар менен кош айтышат”, - деген көрсөтмөсү күбө.

Көтөрүлүштүн негизги себептеринин бири, орус дыйкандарынын көп санда көчүп келүүсү жана аларды отурукташтырууда кыргыздарга карата зомбулуктун күчөшү болгон.

Падыша өкмөтү көтөрүлүшчүлөрдү аеосуз басууга, жергиликтүү элди кырып-жоюп, мал-мүлкүн тоноп, айылдарын өрттөөгө көрсөтмө берген. Келгин дыйкандарга көтөрүлүштүн натыйжасындагы чыгымдарын көтөрүлүшчүлөрдүн мал-мүлкү аркылуу толуктап алууга уруксат берген. Ал эми аскер-талаа соттору көтөрүлүшкө катышкандарды атууга өкүм чыгарышып, көтөрүлүшкө катышпаган тынч элди, кары-картаң, жаш балдарды, аялдарды кыргынга учураткан.

Тукум курут болуп кырылып калуудан чочулаган кыргыздар сентябрдын аягынан баштап, өз жерин таштап, баш маана издеп Кытайды көздөй үркүшкөн. Колуна тийген буюмдарын, талануудан калган малын айдап, качкан кыргыздарды жазалоочу отряд менен келгин дыйкандардын кошуундары сая кууп жеткен жерден кырып, мал-мүлкүн талап жүрүп отурушкан. Үркүн кыш мезгилине туура келип, далай адамдар ак кар, көк муз баскан белдерден өтө албай кыргынга учурашкан.

Мына ушул үркүн жөнүндө Жусуп Абдрахмановдун жазган макалаларынын баалуулугу талашсыз. Жусуп Абдрахманов ошол мезгилдин адамы болуу менен анын көзкарашы, ой-жүгүртүүсү бүгүнкү күндүн талабына жооп бергендиги, ал адамдын гениалдуулугу, акылмандыгы, алысты көрө билгендигинен кабар берип, кайталангыс, бөтөнчө бир касиетке ээ инсандардын бири экендигин айгинелейт.

Анын ошол убактагы болуп жаткан тарыхый окуялар менен кырдаалдарда болгон тунук, туура баа берүүсү бүгүнкү күндүн проблемаларына да үндөш болууда.

Жусуп Абдрахманов 1916-жылдагы падышалык Россиянын колониялары катары Орто Азия, анын ичинде Кыргызстандын абалынан келип чыккан себептерин мүнөздөө менен бирге көтөрүлүштүн социалдык-экономикалык факторлорун ачып көрсөткөн.

Колониялаштырылганга чейинки кыргыз калкынын экономикалык чарбасынын маселеси жөнүндө сөз кылганда, мал чарбасы кыргыз элинин чарбачылыгынын негизги бирден – бир тармагы болуп эсептелген. Бирок, малдын зор бөлүгү байлар менен манаптардын салыштырмалуу анчалык чоң эмес тобунун колунда болгон жана кыргыз калкынын көпчүлүгүн өзүлөрүнө баш ийдирип турууга мүмкүнчүлүк берилип, калк ичинде сакталып турган уруулук мамилелердин калдыктары да көмөктөшкөн. Уруулук мамилелердин калдыктарынын туткунунда калып, материалдык жактан өзүнүн туугандарына – байларга жана манаптарга көзкарандылыкта болгон кыргыз калкынын эмгекчи массалары чындыгында өзүлөрүн уят-сыйытсыз эксплуатациялап турган өз уруу жол башчыларынын кулу болуп келген.

Падышалык өкмөтүнүн кыргыз жерин колониялаштырышына байланыштуу феодалдык мамилелер андан ары өнүкпөй токтоп калуу, бул, албетте, падышалык өкмөттүн саясаты менен түшүндүрүлөт, анткени ал уруулар ортосунда болуп туруучу чабышуулары кыргыз калкын ыркы кеткен топторго бөлүп салуучу, падышачылыктын колонизатордук саясатына каршы алардын бирдиктүү фронт түзүшүнө мүмкүнчүлүк бербөөчү эң сонун каражат деп билген.

Колониялаштырганга чейин кыргыз эмгекчилери феодал манаптар тарабынан эксплуатацияланып келсе, колониялаштырылгандан кийин манап-феодалдардын гана эмес, ошондой эле падышалык администратордун, колонизатор кулактын, сүткор капиталисттин да эксплуатациялоосунун объектиси болуп калган. Бул, албетте алардын абалын кыйла начарлаткан.

1916-жылдагы көтөрүлүш чыккан мезгилге карай кыргыз калкы жерден жана суудан пайдалануу көзкарашынан алганда, чарбалык өсүш үчүн эч кандай келечексиз абалда калтырылган. Кыргыздардын жер-суусу тартылып алынып, кыргыздар мал чарбасын өнүктүрүү үчүн негизги базадан – жерден кол жууп, ушунун өзү менен жарым ачкачылыкта жашоого, тукуму курут болууга кириптер кылынган.

Кыргыз калкынын негизги бөлүгүнүн өндүрүштүн негизги каражаттарынан – жерден, жайыттан жана суудан кол жууп калышы, аларды мүңкүрөткөн жакырдык, ачкачылыктан өлүү кадиксиздиги, кулактардын, падышалык администраторлордун, байлардын жана манаптардын биргелешкен күчтөрүнүн эзүүсүнөн кутулууну көксөө - бул 1916-жылдагы көтөрүлүштүн объективдүү өбөлгөлөрү деп Жусуп Абдрахманов макаласында белгилеп кеткен.

Эмгекчи массалардын кыжырдануусунун кырдаалында, кыргыздарды оорук жумуштарына жумушчу катары алуу көтөрүлүштүн чыгышына түздөн-түз шылтоо болгон. Көтөрүлүштүн чыгышынын негизги себептери социалдык-экономикалык факторлордо, колониялык эзүү тартиби жерден, суудан, малдан бир сөз менен айтканда, күн көрүү каражаттарынан кол жууп, адам чыдагыс абалда болуп калышкан.

Жусуп Абдрахманов падыша өкмөтүнүн кыргыздардын эмгекчилерин оорук жумуштарына жумушчуларды алуунун маанисине дагы токтолуп кеткен. Маселен, адамдар оорук жумуштарына гана алынып жаткандыгына эч ким ишенген эмес. Мындай шылтоо менен аскерге алып жатышкандыгына дээрлик ар бир адамдын көзү жетип турган. Падышалык армияда эч кимдин кызмат кылгысы келген эмес. Себеби, кыргыздар падышалык армияда кызмат өтөөнү ушунчалык жек көрүшкөн, ошондуктан алар жер-суусу каратылып алынган алгачкы жылдарда өз балдарын окууга орус мектептерине беришкен эмес, анткени орус мектептеринде окуган балдарды сөзсүз армияга алып кетишет деп ишенишкен.

Кыргыз калкынын эмгекчилер массаларынын арасында оорук жумуштарына алуу жөнүндө ача пикир болгон эмес. Алардын баары буга бир кишидей каршы чыккан. Падышалык администрация болуштардын жана манаптардын жардамы менен мобилизациялоого даярданып жаткан кезде эмгекчилер массалары көтөрүлүшкө камылга көрө башташкан.

Россиянын борбордук шаарларында болуп келишкен кээ бир манаптар (Кыдыр аке) орус армиясынын күчүн өз көзүбүз менен көрдүк, ага каршы күрөшүүгө болбойт, мүмкүн эмес деп, карапайым калкты ынандыра баштаган. Себеби “жакшы куралданган орустарга каршы согушууга болбойт. Алар баарыбызды кекиликтей терип атып, кырып таштайт.” Мындай сөздөр көтөрүлүш чыгарууга каршы ынандыруунун көндүм ыгы болуп калган.

Падыша бийлигинин буйругу боюнча байлар, манаптар паралап, балдарын армиядан алып калууга, балдарынын ордуна жалданма кедейлерди, батрактарды жиберүүгө укуктуу болушу эмгекчилер массаларына бөтөнчө күчтүү таасир эткен. Аскер иштерине чакырылгандардын жаштарынын такталбагандыгы болуп, төбөлдөргө каалагандай зомбулук жасоого кеңири шарт түзүп бериши, элди удургуткан. Ошол кездеги орус төбөлдөрү менен жергиликтүү бай-манаптар ким көңүлүнө жакпагандын баарын күргүштөтүп аскерге айдап, өз билгендерин жасоого шарт түзүлгөн. Айыл жерлерине төбөлдөр келе калышып, бакырык сала чакырылгандардын тизмелерин окуп кете беришкен.

Тарыхчы, көтөрүлүштүн катышуучусу Белек Солтоноев көтөрүлүштүн түпкү себептеринин бири катары төмөнкүдөй тыянагын жазган. “1916-жылдагы кыргыздын көтөрүлүш чыгарган себеби, жеке гана фронтко жумушчу алууда эмес, анын башкы себеби теренде экени, өзүнө караткандан бери падыша өкмөтү кыргыздарга кара ниетте болуп келе жаткандыгына да байланыштуу”. Ушул себептен падыша өкмөтүнүн кыргызды кыса келгендиктери боюнча кыскача маалымат берейин: 1. Бугу кыргызынын оруска карап кеткенине башка кыргыздар наразы болгон. Алма-Атадан орус аскерин чакырып келип, Байтиктин Пишпектеги өзбек менен Солтону караткандыгына “оруска карабайт элек” деп наразы болуп калган солто дагы көп болгон. Бугу-саяктар султаны Зарипбек орустун аскери менен келип, сарыбагышты чаптыргандыгы урук-туугандык байланыштардын үзүлгөндүгү тууралуу падышалык саясатка наразычылыктарын билгизишкен. Сарбагыш кыргыздарынын көпчүлүк бөлүгү – кедей чарбалары намыстанып калган.

Үмөтаалы Ормон уулунун Кытайга качууга түрткүнүн бири ушул болгон. Үмөтаалынын оруска барбайм деген экинчи бир себеби Тынай оруска мурун карап, жакын болуп, Эсенгул сарбагышынын эски жерин Чоң-Кемин, Кичи-Кемин Чүйдөн сыртка айдаганы болгон.

1867-жылы биринчи шайлоодо, эл журт эсеп дептерге түшүп, бий-болуштун күнү туулуп, чыгым көбөйүп, бир жерден экинчи жерге көчүп кете албастан, манапка баштагыдан бетер бекилип байланган. Эгерде бирөө качып көчүп кетсе, аны эрксиз айдатып алып, качкандыгы үчүн чыгым деп, мал-мүлкүн талап алган. Мындай зомбулукка падыша өкмөтү жардамчы болгондугу үчүн начар бечаралар падыша өкмөтүнө наразычылык билдиришип, көтөрүлүшкө чыгышкан.

Маселен, Куропаткинге өзүнүн пикирин билдиргенинде, Фольбаум да дал ушундай көзкараштa болгон. Ал “талаа кыргыздарын жеңил-желпирээк жазаласак болот, бирок, Пишпектик жана Пржевальскилик кара кыргыздарды Токмок (Чүй) өрөөнүнөн, Кебен өрөөнүнөн жана Көл кылаасынан таптакыр айдап чыгуу керек” – деп жазган. Кыргыз аймактарындагы жазалоочу отряддар туткунга түшкөн кыргыздарды бала-чакалары менен чогуу атып таштаган.

Фольбаум менен Куропаткин кыргыз калкынын тукумун курут кылуу үчүн стратегиялык план иштеп чыгышып, ал планга ылайык үрккөн адамдар качып кетиши мүмкүн деп, тоолор менен ашууларды тосуп таштоо алдын ала каралган. Жазалоочу отряддар Ысыккөл ойдуңунда, Чүй жеринде, Жумгалда, Нарында, Көкартта, Каркырада кыргыздарды кекиликтей кууп жүрүп атышкан. Алар 1916-жылдагы көтөрүлүштү басып таштоого, көтөрүлгөн калкты талкалоого жетишкен. Кыргыздар Түп, Сырт жана дагы

ушул сыяктуу жерлерде өзүлөрүнүн мал-мүлкүнүн теңинен көбүн калтырып, Кытайга үркүп кетишкен.

1916-жылдагы көтөрүлүштөн материалдык жактан бир аз зыян тартып калган орус кулактары отряддар курап, ал отряддар айылдарды кыдырып, кыргыздарды өлтүргөн. Маселен, Караколдун көчөлөрүндө кыргыз тебетейин, кыргыз чапанын кийип жүрүүгө мүмкүн болбой калган. Базарга келген кулактар кыргыздарды өз билгендеринче жазалап, ташка алып сабаган, кордошкон, бийликтин өкүлдөрү – полицейскийлер – тартиптин "сакчылары" кулактар, колонизаторлор кыргыздардын сазайын берип кыйнашкан.

Мына ошентип, Россия XX кылымдын башталышына карата көптөгөн кошуналарын колонияга айлантуу менен келди. Европадагы башка мамлекеттерге салыштырганда өнүгүүсү начар жана реакциячыл Россиянын колониялдык саясаты аз сандагы улуттардын укугу менен эсептешпөө, маданияты менен каада-салтын урматтабоо, ишти орус буржуазиясы менен падышалык бийликтин таламында гана жүргүзүү, экономиканы уюштурууну жергиликтүү дыйканчылык, мал чарбачылыктын өзгөчөлүктөрүн жокко чыгаруу менен орусташтырууну оторчул саясат аркылуу ишке ашыра берген.

1916-жылдагы көтөрүлүш – Кыргызстандагы ири улуттук-боштондук кыймыл болуу менен кыргыз элинин коомдук-саясий турмушундагы эң маанилүү окуялардан болгон.

Кыргыз элинин ата-бабадан мураска калган жерине толук ээ болууну, эркиндикти, теңдикти эңсеген бул күрөшү Кыргызстан тарыхынын маанилүү барагы катары бааланат.

АДАБИЯТТАР


1. Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. - Ф.: Илим, 1967.
2. Абдрахманов Ж.. Кыргыздардын 1916-жылдагы көтөрүлүшү жөнүндө. -Ф.: Кыргызмамбас, 1932.
3. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. 2-китеп, -Бишкек, 1993.
4. Реми Дор. Ооган Памириндеги кыргыздар. -Б., 1994.
5. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину. -Ф.: Кыргызстан, 1991.
6. "Үркүн" Ала-Тоо журналынын тиркемеси. Кыргыз энциклопедиясы. -Б., 1993.
7. Турар Рыскулов. 1916-жылдагы казактар менен кыргыздардын көтөрүлүшү жөнүндө. Алма-Ата, 1926.
8. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. -Бишкек, 1992.